УДК 81.(004.855.4)
DOI 10.33514/1694-7851-2020-3-11-14

**Эркебаев А.**
Филол.и.д., профессор, КР УИА Академиги
**Эркебаев А.**
Д.филол.н., профессор, академик НАН КР
**Erkebaev A.**
Doctor of Philology, Professor, Academician of the NAS of the KR

# АСЫЛДЫКТЫ АЗДЕКТЕГЕН ААЛЫМ ЭЛЕ
# Т. АСКАРОВ КАК УЧЕНЫЙ И ОБЩЕСТВЕННЫЙ ДЕЯТЕЛЬ
# T. ASKAROV AS A SCIENTIST AND PUBLIC FIGURE

**Аннотация:** Макалада белгилүү философ окумуштуу Теңдик Аскаровдун адабият таануу, сын жана эстетика жаатындагы илимий изилдөөлөрү, коомдук-саясий көз караштары жана ишмердиги тууралуу сөз болот. Т.Аскаровдун изилдөөлөрүнүн чабыты боюнча кенендиги, мазмуну боюнча тереңдиги, анын илимий көз карашы туруктуулук менен ийкемдүүлүктүн биримдигинен тургандыгы белгиленет.

**Негизги сөздөр:** Т.Аскаров, философия, эстетика, адабият, сын, чыгармачылык, коомду жана саясий ишмер.

**Аннотация:** В статье речь идет об исследованиях видного философа ученого Т. Аскарова в области литературоведения, литературной критики и эстетики, о его общественно-политических взглядах и деятельности в этой сфере. Отмечается, что исследования Т. Аскарова всегда отличались широтой масштаба и глубиной содержания, единством постоянства и разумной гибкости.

**Ключевые слова:** Т. Аскаров, философия, эстетика, литература, критика, творчество, общественное и политическое деятель.

**Abstract:** The article is about the research of the prominent philosopher scientist T. Askarov in the field of literary criticism, literary criticism and aesthetics, about his socio-political views and activities in this area. It is noted that the studies of T. Askarov have always been distinguished by the breadth of scale and depth of content, the unity of constancy and reasonable flexibility.

**Key words:** T. Askarov, philosophy, aesthetics, literature, criticism, creativity, public and political activist.

1984-жылы жарыяланган “Кызыкчылыктардын көп кырдуулугу” деген макаламда негизинен Т. Аскаровдун адабият таануу, сын жана эстетика жаатындагы эмгектерин талдап, коомдук-саясий көз караштарына жана ишмердигине көңүл бурган эмесмин. Анда ал Кыргызстан жазуучулар союзунун башкармасынын биринчи катчысы (1971-жылдан бери карай), республиканын Компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү, Жогорку Кенештин депутаты, кыскасы, кемелине келип, баралына толуп турган көрүнүктүү коомдук-саясий ишмер болчу. Анан эле ал үчүн драмалуу окуялардын кезеги башталды. 1985-жылы М. Горбачевдун бийликке келиши менен СССРде кайра куруу деген саясат жүрүп, анын натыйжасында Т. Аскаров 1986-жылы бардык коомдук-саясий кызмат макамдарынан ажырады, атүгүл ар кандай

ур-тепкиге алынды. Анын себеби – Жазуучулар союзунда жүргүзүлгөн партиялык саясатка байланыштуу болгон: анда бир далай жакшы иштер менен катар кемчиликтер кеткени, айталы, Т. Сыдыкбеков, Т.Касымбеков, Т. Сактанов ж.б. сыяктуу атактуу же белгилүү жазуучулар идеологиялык өңүттө негизсиз сынга, кысымга алынганы ырас. Ошондон соң Т. Аскаров өзү бир кезде аспирантурасын аяктаган Философия институтуна иштегенге кетип, Жазуучулар союзуна Ч. Айтматов жетекчилик кызматка шайланган.

Андан берки чейрек кылымда Т.Аскаров эмне иш кылды, эмнеси менен эсте калды?

Албетте, коомдогу кескин өзгөрүштөр, керт башына байланышкан чукул бурулуштар акыл-эстүү адамды ар кандай сар-санаага, өткөн күн менен бүгүнкүнү кайра таразалап, келечекти жаңыдан болжоого бурбай койбойт. Айрыкча зирек, эрки бек адам өзүн өзү жоготпой, ашыкча чүнчүтүп-эзбей жаңы жагдай шартка тез көнөт, ага бачым жана батыл аралашат. Менимче, Т. Аскаров да ушундай болду окшойт. Мындай дегеним – ал бир гана курдай саясатка кайрадан азгырылып, депутаттыкка ат салышып көргөнү болбосо калган өмүрүнүн дээрлик баарын чыгармачылык ишке – илимге арнады, мындан майнап таап, 1993-жылы докторлук даражага, 2000-жылы академиянын корреспондент-мүчөлүк наамына ээ болду, окурмандардын кароосуна үч китеп тартуулады.

Жогоруда айтылып кеткендей, Т.Аскаровдун чыгармачылыгында башынан эле туруктуу изилденип, талданып келаткан үч тармак, үч салаа бар. Алар: адабият тарыхы, сын жана эстетика. Акыркы тармак (эстетика) аны кайсы бир даражада А.Салиевге жакындатып, калган кыргыз адабиятчылары менен сынчыларынан олуттуу айырмаланып турат. Анткени эстетика – асылдык дүйнөсүн иликтеген философиялык илим. Ал жаратылыштагы, коомдогу, көркөм өнөрдөгү жана адам турмушундагы ар түрдүү кооз көрүнүштөрдү же аларга таптакыр коошпогон кунарсыз кубулуштарды так аңдап-баалаганды, туура чечмелеп-түшүндүргөндү талап кылат. Мына ушул зарыл сапат-белги Т.Аскаровдун акыркы он жылда жарык көргөн китептеринде да таасын сакталган.

Алардын алгачкысы “Сөз чыгармачылыгынын эстетикалык баасы” деп аталат (орус тилинде, 2001-жыл). Бул эмгек автордун 1993-жылы Алматыда ийгиликтүү корголгон “Адабий процессти философиялык талдоо” деген темадагы докторлук диссертациясына негизделиптир. Ушундан улам китеп нукура илимий мүнөзгө ээ, теориялык жалпылоолорго мол, чылгый философиялык түшүнүктргө жыш, кызыктуу, өз алдынчалуу, келечектүү ой-пикирлерге бай. Түпкүлүгүндө эмгек атайын даярдыгы бар адистерге арналган. Ошондуктан мен андагы татаал маселелерге артыкбаш токтолуп отурбастан, маанилүү көрүнгөн эки жагдайга басым жасасам дейм.

**Биринчиси**, Т. Аскаровдун мейли көркөм, мейли теориялык материал болсун, көз кырынын кенендиги жана терендиги: ал байыркыдан азыркыга чейинки улуттук жана дүйнөлүк эстетикалык дөөлөттөрдү, философиялык жетишкендиктерди ыктуу пайдаланат.

**Экинчиси**, Т.Аскаров көптөгөн окумуштууларга, коомдук-саясий ишмерлерге окшоп, «күн тийген жердин күкүгү» болуп ынгайга жараша ары-бери ойнобостон, илимий туруктуулук менен ийкемдүүлүктү эриш-аркак кармайт. Ачык айтканда, ал бир кезде жалпы совет илими, өзү туу туткан Гегель, Маркс, Энгельс, Ленин философиясын азыркыларга окшоп караманча танбастан, туура жерлерин алат, колдонот, ошол эле учурда биз жерип келген Батыштын көрүнүктүү ойчул-философтору О. Гассет, Э. Фромм, Ж. Сартр, К. Леви-Стросс ж.б. эмгектериндеги баалуу ой-пикирлерге боюн ачат. Ушуга улай биз убагында Маркс менен Лениндин акырынан көп жем жеп, азыр унутуп коюшкан биздин окумуштуулардан айырмаланып, Батыштын не бир чыгаан даанышмандары менен экономисттери, айталы, ошол эле Э.Фром менен Ж.Сартр К.Марксты бийик пир

тутушканын кошумчаласак болот. Демек, Т.Аскаровдун өткөнгө жана азыркыга, тарыхка жана мураска карата мамилеси илимий жактан так, бир жактуу, тенденциялуу эмес, анык диалектикалык мүнөзгө ээ.

Бул анын азыркы кыргыз адабиятынын эки залкар классигинин – Ч. Айтматов менен С. Эралиевдин чыгармачылыгына арналган конкреттүү изилдөө-китептеринен да дана көрүнөт.

Айтмакчы, бул эки китептин мазмуну менен ички түзүлүшү да өзгөчө: демейде тиги же бул сөз чеберинин чыгармачылыгына арналган изилдөөлөр сүрөткердин өмүр баяны менен көркөм туундуларын хронологиялык иретте сыдыргыга салгандай сыпаттап киришсе, Т.Аскаров басымды эки залкардын эстетикалык дүйнөсүндөгү уруnттуу учурларга, айырмалуу жактарга жасайт, талдоону проблемалуу тартипте жүргүзөт.

Маселен, С. Эралиевдин поэзиясына арналып, 2000-жылы кыргыз тилинде жарык көргөн "Образдуу ой жүгүртүүнүн чексиздиги" деген китеп адегенде салттуу нукта, көндүм ыкмада башталып келип (акындын чыгармачылык жолунун алгачкы мезгилин, А. Осмоновдон алган таасирин иликтеп), анан бар көнүлдү, бүткүл ышкыны бир жакка, бир нукка – С. Эралиевдин поэмаларына, болгондо да баарына эмес, өзүнүн эстетикалык купулуна толгон айрымдарына – "Ак Мөөргө", "Жылдыздарга саякатка", "Жаныл Мырзанын керээзине" бурат, алардын идеялык-көркөмдүк дүйнөсүн түгөл жана кылдат талдап, акынга мүнөздүү болгон устаттык сырынын учу-кыйырын ачат. Көрсө, С.Эралиев айрымдар ойлогондой, лириканын гана зергери болбостон табият менен ашыктыктын, уюткулуу ой (философия) менен назиктиктин, кайгы-муң менен жаркын маанай, күлкү-шат аралашып, ширелишкен лиро-эпикалык дастандардын да чебери экен. Акындагы "Образдуу ой жүгүртүүнүн чексиздиги" ушунда турбайбы!

Эмгектин дагы бир алгылыктуу жагы - кыргыз тилинде жатык, так, ошол эле кезде элпек, атүгүл көтөрүнкү маанайда жазылышы.

Ушундай ойго орус тилинде жазылган "Абсолютту издөө – Чынгыз Айтматовдун чыгармачылык кредосу" деген китеп да (2010) түртөт. Мында теориялык-аналитикалык бөлүмдөр менен катар ачыктан ачык публицистик ой толгоолор да жок эмес.

Китепте улуу жазуучунун эки (көзү тирүүсүндөгү жана андан кийинки) өмүрү каралат. Биринчи, басымдуу бөлүгүндө Ч.Айтматовдун кыргыз жана дүйнөлүк адабияттагы орду, чыгармачылыгы жалпы талдоого алынып, "Биринчи мугалим", "Бетме-бет", "Жамийла" повесттерине, "Кыямат", "Тоолор кулаганда" романдарына өзгөчө көңүл бурулат. Булардын ичинен мага айрыкча жакканы – "Жамийладагы" Сейит тарткан сүрөткө жасалган кылдат талдоо болду. Ырасын айтсам, ал Т. Аскаров жаш кезинде жазган «Афродита сүрөтчү менен эрегишкенде» деген эң сонун макаласын эске салды: эки учурда тең көркөм сүрөт эстетикалык талдоого алынып жатпайбы. Мунун өзү Т. Аскаровдун көркөм табити, эстетикалык туюм-сезими, теориялык билими дале болсо күчүндө, табында экенин ырастайт. "Кыямат" романынын мисалында Ч.Айтматовдун философиялык көз караштарын изилдеген бөлүм да өзүнчө сөз кылууга арзыйт.

Ч. Айтматовдун арабыздан кеткенине бир топ жылдан ашып калды. Орду толгус ушул оор жоготууга кабыргасы кайышкан Т.Аскаров китебинин акыркы жагында эки бөлүмчө киргизип, биринчисинде улуу сүрөткердин элеси, арбагы элибиздин аң-сезимине мындан ары дагы шам чырак сыңары жана берерин даназаласа, экинчисинде жазуучуну көрө албай, ар кандай пас жоруктарды жасагандарды ашкерелейт.

Жалпысынан алганда, Т.Аскаровдун Ч.Айтматов жана С.Эралиев жөнүндөгү эки китеби улууну урматтоонун, талантка таазим этүүнүн, асылды асыл дештин жандуу далили

боло алат. А мындайга өзүнүн этикалык көрөнгөсү, эстетикалык дарамети, философиялык маданияты бар автор гана жарамдуу болот.

Албетте, Т.Аскаровдун акыркы мезгилде жарык көргөн китептеринде ар кандай мүнөздөгү кемчиликтер, талаш туудуруучу жагдайлар да жок эмес. Айталы, “Сөз чыгармачылыгынын эстетикалык баасы” деген китебин көбүнчө философиялык-диалектикалык түшүнүктөр менен чектебей искусствонун өзүнө түздөн-түз тийиштүү болгон эстетикалык түшүнүктөр менен негиздесе да болмок. Экинчиден, үч китебинде тен М.Горбачев тушундагы кайра куруу, СССРдин кыйрашы, эгемендик жылдарындагы оорчулук, экономикалык жана руханий кризис тууралуу публицистикалык мүнөздөгү ой жоруулар бар. Буларда жалпысынан тарыхыйлык, калыстык принциптери сакталган, бирок да баары бир эсил кайран СССРди эңсөө, кайра куруу менен азыркы заманга кандайдыр ич күптүүлүк кылуу сезимдери анда-санда байкалбай койбойт. Мындан тышкары, аталган китептерде тексттик же стилистикалык кайталоолор, атүгүл карама-каршылыктар да бир кыйла учурайт.

Акырында айтаарым эмне? Кыргыз адабият таануу илиминин, сынынын, эстетикасынын түбүн түптөп, кесиптик денгээлин өйдө көтөргөн А. Салиев, К. Асаналиев, Б. Керимжанова, Ш. Умөталиев, М. Борбугулов, К. Бобулов, С. Жигитов, К. Матиев ж.б. арабызда жок. өкүнүчтүүсү – Тендик Аскаров да жакында 82 жаш курагында о дүйнө салды. Бул - орду толгус оор жоготуу. Ал өмүр бою адабият менен эстетиканы айкалыштырып изилдеп келди. Анын жан кумары – чыгармачылык, аздектегени – асылдык болгон. Андай адам арабызда дагы да жашай берсе кана эле, аттиң дүйнө.